**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 07.23.674

*Кол жазма укугунда*
УДК: 397.4.21(575.2)(04)

**АЙТИЕВА ГҮЛБУРАК АСКАРБЕКОВНА**

# Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)

**07.00.07 – этнография, этнология жана антропология**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2024

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Каратаев Олжобай Кубатбекович** тарых илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору

**Расмий оппоненттер:** **ДжоошбековаАйнагул Рысбаевна** – тарых илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын башчысы.

**Исаева Анара Асылбековна** – тарых илимдеринин кандидаты, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин тилдер жана коомдук илимдер кафедрасынын доцентинин м.а.

**Жетектөөчү мекеме**: Борбордук Азиядагы Америка университетинин Антропология программасы (Кыргызстан, 720060, Бишкек, ул. Аалы Токомбаев, 7\6)

Диссертация 2024-жылы 12-сентябрда саат 14.00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 07.23.674 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Коргоонун онлайн шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/072-tsx-zg7-bvj

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Бишкек ш., Чүй просп. 265-а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (Жибек-Жолу просп., 394, № 8-окуу корпусу) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын сайтынан: https://vak.kg/ таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылы 24-майда таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т.и.д., профессор: **Бикбулатова А.Р.**

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Иштин актуалдуулугу.** Кыргыздарда көөнө маданияттардын катмарлары, философиялык-диний көз караштардын баалуулуктары, каада-салт, үрп-адат, жөрөлгөлөрү сакталып келет. Ошол эле учурда кыргыз тарыхы, этнографиясы жана маданияты жалпы дүйнөлүк тарыхтын курамдык бир бөлүгү болуу менен бирге, өнүгүүсү жана калыптануу жагынан жалпы дүйнөлүк тарыхый жүрүмү артта калган эмес. Кыргыздардын этногенези, этникалык тарыхы, тили жана маданияты тарыхый тектери жакын болгон түрк-монгол, тунгус-маньжур тилдүү элдер менен жалпы этномаданий жана этногенетикалык мейкиндикте жүргөн. Кыргыздардын этногенезинде, этникалык тарыхында жана салттуу маданиятынан, тилинен Евразиянын аймактарында жашап өткөн ар кыл бай маданий катмарлардын басымдуу бөлүгү байкалат. Бул тарыхый-этнографиялык жүрүмү руханий маданиятына, анын ичине диний ишенимдердин, көз караштардын өнүгүп калыптануусуна (эволюциясына) өз таасирин тийгизген. Адамдардын диний-философиялык ишенимдери жана ага байланыштуу келип чыккан көз караштар коомдун негизги идеологиясы катары калыптанган. Алар өз кезегинде илимге негиздүү тарыхый-этнографиялык булак катары кызмат өтөрү анык. Диний ишенимдер, ага байланыштуу келип чыккан каада-салттар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр адам баласынын төрөлгөндөн тартып көзү өткөнгө чейинки жашоосун коштоп жүргөн. Адам баласынын курчап турган дүйнөгө болгон көз карашы, дүйнө таанымы, каада-салты, алардын үрп-адаттары, ырым-жырымдары жана жөрөлгөлөрү күчтүү үмүткө негизделген ишенимдерден, тактап айтканда, эволюциялык негизде кылымдар бою калыптанган диний ишенимдерден, түшүнүктөрдүн негизинде келип чыккандыгы анык. Дүйнө элдеринин маданиятында, тарыхый фольклорунда ыйык ж.б. жайларга сыйынуунун, жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын жыш кездешүүсүнүн себептерин дал ушул тарыхый-этнографиялык жагдайлар менен түшүндүрүүгө болот.

Совет дооруна чейинки жана андан кийинки мезгилдерде тарых жана этнография илиминде терең изилденбей келген илимий ургаалдуу маселелердин бири - Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуучу ыйык жерлер болуп саналат. Фергана өрөөнүндө кезегинде күч-кубаттуу, гүлдөп-өнүккөн маданияттар жаралып, кыйрап жок болгонун карт тарыхтын барактары күбөлөйт. Ошондой эле маданияттардын жана этностор жуурулушкан өрөөндө көчмөн жана отурукташкан турмуш кечирген калк жашаган жана байыркы дөөлөттөр жаралган аймак болуп эсептелет. Буга далил катары өрөөндөгү жүздөп саналган ыйык жерлерди, мазарларды, мечиттерди, суфий шейхтеринин күмбөздөрүн, ислам архитектурасынын үлгүсүндө салынган курулуштарды айтууга болот. Түздүк жана өрөөндү жерлерди байырлаган элдерге ислам дини таралганга чейинки доорлордо байыркы диндер, анын ичинен зороастризм, христиан дининин агымдары, буддизм таасирин тийгизсе, алар менен кошо фетишизм, тотемизм, шаманизм, магия, арбакка ишенүү, теңирчилик сыяктуу байыркы диний аң-сезим, ишенимдер менен

дагы адамдардын рухий муктаждыктарын камсыздаган. Зыярат феномени ислам дүйнөсүнүн бардык булуң-бурчтарында тигил же бул формада кеңири кездешет. Ошол эле учурда, ал жергиликтүү элдердин диний дүйнө таанымынын озгөчөлүктөрүн да таасын чагылдырат. Мазарларга сыйынуу, табынуу ырым-жырымдарынын (культунун) этникалык жактан өзгөчөлүгү, айырмачылыгы жергиликтүү элдердин каада-салттарынын, үрп-адаттарынын, зыярат жасоо (ажылыктын) жөрөлгөлөрүнүн, ырым-жырымын жасоосуна, ыйык жайлар институтунун функционалдык аткарган кызматына, ошондой эле алардын сырткы жасалгаларынан даана байкалат жана аталган себептерге көз каранды.

**Изилдөөнүн максаты** – Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, адамдардын аң-сезимдериндеги ыйык жайлар катары эсептелген жайлардын диний-философиялык түшүнүктөрдөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген ордун изилдөө болуп эсептелет.

**Диссертациянын милдеттери :**

- изилденүүчү проблеманын тарыхнаамасын жана булактык базасын аныктап ачып берүү;
- изилдөөнүн обьектисин, предметин жана усулдук негиздерин сыпаттоо;
- Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайларды тарыхый-этнографиялык өңүттөн классификациялоо;
- ыйык жайларга зыярат жасоонун жана табынуунун келип чыгышын, “чоң зыярат” жана “кичи зыярат” түшүнүктөрүн чечмелөө;
- табынуучу ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин доорунда жүргүзүлгөн атеисттик саясатынын соңунан кийинки абалына баа берүү;
- Кыргызстандын этномаданий мейкиндигинде зыяраттын функционалдык жүгүн аныктоо; этнографиялык илимий адабияттарда көңүл бурулбаган зыяраттын өнүгүүсүнүн кайра куруу жана постсоветтик мезгилдериндеги абалына, жергиликтүү калктын жасаган мамилесине анализ жасоо;
- олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо жүрүмүндө аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү изилдөө;
- аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын өзгөчүлүктөрүн ачып берүү;
- суунун (булактардын) культун, тоо-таштарга (обоо таштар), үңкүрлөргө ж.б. табынууларды изилдөө;
- зыярат жасоочу жайлардын адамдардын диний кабылдоосунда жана ритуалдык практикадагы ролун аныктоо ж.б.

**Илимий иштин хронологиялык алкагы.** Изилдөөнүн хронологиялык алкагы байыркы доорлордон бүгүнкү мезгилге чейинки доорду кучагына камтыйт. Ыйык деп эсептелген табынуучу жайларга, мазар жана сууларга болгон адамдардын ишенимдеринин табигый-эволюциялык кубулуштарынын алкагында изилденет.

**Изилдөөнүн объектиси.** Изилдөонүн объектиси бул Фергана өрөөнүнүн Кыргызстандын түштүгүнүн калкынын негизинде байыркы

мезгилден баштап ушул мезгилге чейин кыргыздардын турмуштук зыяратчылыктын ээлеген орду.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Изилдөөнүн изилденүү деңгээли диссертациядагы "Изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактары. Теориялык жана усулдук негиздери" деген аталыштагы биринчи бапта, 1.1. Изилденүүчү теманын тарыхнаамасын карап чыгуу бөлүгүндө ачып көрсөтүлөт.

**Изилдөөнүн предмети.**

-калктын зыярат кылуучу жайлардын жайгашуусу, ыйык жерлерге зыярат кылуунун жана табынуунун келип чыгышы, совет бийлигинин ыйык жерлерге жана ал жерлерди зыярат кылгандарга кылган саясаты.

-тоо-таштарга, үңкүрлөргө болгон табынуу, суу, булактарга болгон зыярат, аялдардын ыйык жайларга кылган зыяратчылыктын өзгөчөлүктөрү.

-ислам динин салттуу зыярат кылгандарга болгон мамилеси.

-ыйык Меккеге болгон "чоң зыяратты" изилдөө элдердин турмушундагы зыярат жана зыяраттын ээлеген орду изилдөөнүн предмети болуп саналат.

**Диссертациялык иштин илимий-практикалык мааниси.** Диссертациялык иште илимий айлампага киргизиле элек этнографиялык-тарыхый талаа материалдары жыйналды; тиешелүү илимий адабияттарга саресеп жасоонун негизинде жазылып, анын жыйынтык, тыянактары жана берилген сунуштары кыргыз тарых жана этнография илимине өз салымын кошо алат деген пикирдебиз. Диссертациялык иликтөөлөрдө жыйналган материалдардын негизинде иштелип чыккан илимий иштерди, тыянак жана пикирлерди кыргыз маданияты, тарыхы жана этнографиясына байланыштуу болгон окуу китептерин жазууда, тарых, чыгыш таануу жана чөлкөм таануу адистиктеринде билим алып жатышкан студенттер, магистрлер үчүн жалпыланган окуу куралдарын, тандалма курстарды жазууда колдонсо болот.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуучу ыйык жайларга атайын илим изилдөөлөр жүргүзүлдү; тарыхый-этнографиялык, археологиялык өңүттөгү тарых-таржымалы жазылып, жаңы маалыматтар илимий айлампага киргизилди; ыйык жайларга, мазарларга табынуулардын зыярат феномени иликтенип, илимий маселелер комплекстүү планда каралды; автор тарабынан жыйналган талаа материалдарынын негизинде стационардык багытта тандалып алынган тарыхый обьектилерде комплекстүү тарыхый-этнографиялык иликтөөлөр жүргүзүлдү; ар кыл жаштагы, жыныстагы информаторлордон зарыл болгон тарыхый-этнографиялык маалыматтар сурамжыланды, кагаз бетине түшүрүлдү. Сурамжылоо маалыматтары аймакта жашаган, калктын негизги бөлүгүн түзүшкөн кыргыздардан башка өзбек, түрк, түрктөшкөн тажик этносторунун өкүлдөрүнөн да алынды.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

-Кыргызстан түштүгүндөгү жайгашкан калктар, анын ичинен кыргыздар зыярат кылуучу жерлер, үңкүрлөр, тоолордо тоо этектеринде, жол боюнда жайгашкан таза булактар, шаркыратмалар, мазарлар, адам оңой менен жете албаган үңкүрлөр шактуу дарактар эсептелинет: алар көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардын көчүү жолунда ыңайлуу жерге орун алышкан жана аларга эс алуусу элдин малдын суусун кандырган, эс алууга ылайыктуу аз кездешкен жерлер болгон.

- адамдар жаратылышты бир бүтүн нерсе катары кабыл алышкан, жандуу жана рухий жагынан тирүүдөй мамиле кылуу салттуу дүйнө таанымдын негизги белгилеринин бири болуп саналат. Кыргыздын салттуу аң-сезими өзүн табиятка каршы койбогондугу менен айырмалангандыгы белгилүү. Кыргыздар табияттан ажырап алыстап кетүү жөнүндө эч качан ойлонушкан эмес, бүткүл жашоосун курчап турган чөйрөдөн бөлүп кароо, элестетүү мүмкүн эмес болгон;

- зыярат процессине катышуучулардын социалдык курамы биринчи кезекте адамдардын зыярат институтуна баруусуна тилектеш жана каалаган адамдар – мазарларды сактоочу шайыктар, ыйыктардын урпактары, салттуу билимди алып жүрүүчүлөр, жашы улгайган калктын басымдуу бөлүгү; теңирчиликтин идеяларын карманган кыргыз интеллигенциясынын бир бөлүгү; ошондой эле каза болгон ата-бабалардын арбактарына ишенген калктын кеңири массасы түзгөн;

- мазар, ыйык жерлердеги ырым-жырым жасоодогу жөрөлгөлөр, ырым-жырымдарды, жол-жоболор иликтөөлөр көрсөткөндөй, көзү өткөн туугандардын арбактарын урматтоо кыргыздардагы зыярат жасоонун негизги белгилеринин бири болуп саналат, ал эми зыярат аркылуу сыйынууга ишенгендердин басымдуу көпчүлүгү үчүн зыярат биринчи кезекте арбактар менен байланыш түзүүнүн жолу болуп саналат;

- зыяратка келгендер ырым жасап, сыйынышат, балалуу бололу деп тилешет. Зыяратка чыккандардын арасында ыйык Умай эненин культуна сыйынгандары да бар экендиги шексиз. Себеби, түрк элдери Умай эненин образы жана культу бизди курчап турган бардык жаратылыш табият чөйрөсү менен органикалык бир бүтүндүктө экендигине ишенишет. Ошол себептен зыяратчылардын ыйык жерлерге тоо–таштардын, бөтөнчө өзгөчөлөнгөн дарактардын боорунан аккан туздуу сууларга же булактын башына барышы сыйынуунун кульминациялык бир баскычы болот;

- Совет бийлиги кулагандан соң, сырттан каржыланган, улам күч алып бара жаткан радикалдуу исламдын идеяларынын чабуулу мазарларга зыярат жасап сыйынууну тынымсыз жаңыланууга жана алардын жергиликтүү калктын муктаждыктарын толук канаттандырууга ыңгайлашуу жолуна түртүп жатканы маалым. Зыяраттын пайгамбардын сыйынуучу жайларга байланыштуу осуяттары менен түп тамырынан бери дал келбеши аны ислам динин бутпарастык көрүнүштөрдөн, так айтканда, алардын таасирлеринен арылууга багытталган диний агымдардын жактоочуларынын тынымсыз сынынын объектисине айланууда;

- динге ишенген жарандардын басымдуу көпчүлүгүн түзгөн мусулмандар ыйык жерлерге сыйынууну өздөрүнүн ишениминин бир урчугу (компоненти) катары кабыл алышат, Кыргызстандын руханий турмушундагы “элдик, турмуштук” ислам дини менен байланыштырып аныкташат.

- исламга, анын канондоруна туура келбеген, исламга чейинки диний ишенимдердин, агымдардын калдыктарынан, таасирлеринен арылуу үчүн аракет жасаган кыймылдардын жактоочулары Мухаммед пайгамбардын негизги осуяттарына карама-каршы келген ыйык мүрзө культун жок кылууга көп ирет аракет кылышкан. Мындай диний агымга XVIII кылымда Аравияда пайда болгон ваххабизм кыймылы мисал боло алары анык;

- ыйык жер, мазарларга зыярат кылгандардын басымдуу бөлүгүн кыз-келин, аялдар түзөт. Мындай көрүнүштүн себеби аялдардын аң-сезиминин, психико-физиологиялык, физикалык өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышта. Кыргыздын ар бир үй-бүлөсү мүмкүн болушунча көп балалуу, өзгөчө эркек балалуу болууну кыялданып самачу. Баланын жоктугу аял үчүн чоң бактысыздык деп эсептелген, анткени балдардын саны башкалардын ага болгон мамилесин аныктаган;

- Кыргызстандын аймагындагы бир эле тоодо бир нече ыйык деп эсептелген үңкүрлөрү жана башка сыйынып зыярат кылуучу жайлардын бири - Сулайман-Тоо. Кыргызстан, Фергана өрөөнү эле эмес жалпы дүйнөлүк атагы бар “Ыйык Сулайман-Тоону” Эл аралык ЮНЕСКО уюму адамзаттын Бүткүл дүйнөлүк тарыхый-маданий мурастарынын тизмесине (№ 1230 менен 2009-ж.) киргизген.

- суу, (булак) салттуу ой жүгүртүү системасында тарбиялык гана эмес, экологиялык функцияны да аткарган жана экологиялык тең салмактуулукту сактаган, жаратылышка кам көрүү жана аны сарамжалдуу пайдалануу, экочөйрөнү коргоо, таза сууну сактоо ж.б. милдеттерди аткарууга багытталган өзгөчө тыюулар да болгон;

- ыйык мазарлар Кыргызстандын бардык жерлеринен кездешет. Мындай мазарларга, өзгөчө ыйык адамдардын кабырына сыйынуу турмуш-тиричиликтик исламдын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Ыйык жерлердин ээлеринин урматына кыргыздар ашуу-белдерде, тоо жолдорунда жана капчыгайларда обоо жасап – таш үйүп курмандык кылышкан. Мындай жерлер бийик тоолуу жерлерде, өзгөчө Памир-Алай тоо системасында көп учурайт;

-Сулайман-Тоо (Ош шаары), Дул-Дул-Ат, Чил-Устун үңкүрлөрү (Араван району), Абшыр-Сай ( Ноокат району), Сафид-Булан, Шах-Фазил (Ала-Бука району) мазарлары, Котур-Булак (Араван району), Мазар-Булак (Өзгөн району), Азирети-Аюб (Жалал-Абад шаары) ж.б. тарыхый-этнографиялык, археологиялык обьектилер Кыргыз Республикасындагы туризмди өнүктүрүү багытында потенциалдары өтө зор жана келечектүү.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Бул илимий иште автор Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган калктын ыйык жайларга, мазарларга зыярат жасашы боюнча талаа этнографиялык материалдары

жыйналып, илимге киргизилди; илимий адабияттар бирге, ар кыл жаштагы, ар түрдүү кесиптеги информаторлордон ыйык жайлардын адамдардын жашоосундагы алган орду, феномени боюнча оозеки маалыматтар сурамжылоо ыкмасы аркылуу жыйналып илимге киргизилди, бир системага салынды; илимий эмгекти жаратууда илимий адабияттар менен катар талаа маалыматтары, статистикалык булактар, Кыргыз УИАсынын Кол жазмаларды сактоо жана жарыялоо бөлүмүнүн айрым маалымат булактары талданып, пайдаланылды; отурукташкан калктын (кыргыз, өзбек, тажиктер) жер шартынын, коз карашынын мисалында зыярат феноменинин мүнөзү жана өзгөчөлүктөрүн ачууга аракеттер жасалды; зыярат жасоочу ыйык жайларга табынуу калктын материалдык жана руханий маданиятынын ар түрдүү жана өтө бай экендиги такталды; Кыргызстандын түштүгүндөгү калк табынган (сыйынган) ыйык жайлардын жалпы реестрин түзүү, аларды туризмди өнүктүрүүдө пайдалануу өз натыйжаларын бериши аныкталды.

**Илимий иштин апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн кээ бир жыйынтыктары, маанилүү сунуштары Эл аралык жана Республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Илимий иштин негизги жоболору илимий тезистер, макалалар катары ата мекендик жана чет элдик басылмаларда РИНЦ системасына кирген жалпысынан 14 макала чыккан.

**Диссертациянын темасыиын ириоритеттүү илимий багыттар менен, ири илимий программалар менен же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Иш автордун жеке демилгеси менен аткарылды.

**Диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, тиркемелерден жана пайдаланылган адабияттардын жана булактардын тизмесинен турат. Эмгектин жалпы көлөмү 235 бетти түздү.

## Диссертациянын негизги мазмуну

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган, иштин илимий жаңылыгы, коргоого коюлган жоболор, алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү белгиленген, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы жана диссертациянын түзүлүшү берилген.

Диссертациялык иштин **“Изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактары. Теориялык жана усулдук негиздери”** деген аталыштагы биринчи бапта зыярат кылуучу жайлар боюнча жазылган эмгектер изилдөөнүн обьектиси жана коюлган милдеттерге жараша иликтенген. Россия империясы, советтик жана постсоветтик мезгилдердеги изилдөөлөр шарттуу түрдө каралды. Кыргызстандын тарыхын, заттык жана руханий маданиятын изилдөө багытындагы топтолгон тарыхнамаага сереп салсак, күнөстүү жергебизде, жалпы эле Фергана чөлкөмүндө орун алып жайгашкан көп сандаган табигый ыйык жайлар (мазарлар, обоолор) жана олуя, шейх,

махдум, сопу, калпа, эшен суфий диний макамы бар адамдарга, ошондой эле Мухаммед пайгамбардын тукумдарынан (сейид, шурафа) жана сахаба, табеиндеринен болот деп эсептелген адамдардын кабырына (мүрзөсүнө, бейитине) зыяратчылар, жөн жай адамдар барып басып, табынып, зыярат кылган жайлар, жерлер, объектилери байыркы доордон азыркы мезгилдерге чейин өз мезгилинин өзгөчөлүкторүнө жараша деңгээлде изилденип, чагылдырылып келген. Этнографтар исламдын олуяларынын культун кеңири изилдөөгө салым кошушкан. Алар ыйык жерлерге байланыштуу каада-салттар жана ырым-жырымдар жөнүндө маалыматтарды чогултуу, бирок ошол эле учурда эл арасында сакталып калган аманаттарга негизги басым жасалган мусулмандарга чейинки ишенимдерди изилдешкен. Бирок этнографтардын материалдарында О.А.Сухарева (1960,1976), Г.П.Снесарев (1969,1983), Н.А.Кисляков (1970), В.Н.Басилов (1970), Р.Я.Рассудова (1985), С.М.Демидов (1988) ошондой эле адам тарабынан жасалган социалдык мааниси жөнүндө кээ бир маалыматтарды камтыйт.

Алар зыярат кылуучу жерлерди экспедициялык изилдөө учурунда кокусунан же максаттуу түрдө жергиликтүү кызыктуу жерлерге изилдөө жүргүзүшкөн. Мына ушундай атактуу илимпоздордун жана ишмерлердин саякат жазууларын белгилей кетүү керек. П. П. Семенов (1858). А. П. Федченко (1871). Е. Де Южфалви де Мсзо-Ковсед (1877), Н. А. Наследов (1881). А. Симонов (1887). М. Наливкин (1886), В. Ф. Ошанин (1891), В. И. Кушелевский (1891). В. В. Бартольд (1894). И. Л. Яворский (1896). А. Л. Кун, А. А. Бобринский жана Н. В. Богоявленский (1895), И. А. Бржезицкий (1909), Н. Щербина-Кромаренко (1896), Н. Г. Маллицкий и М. С. Андреев (1896, С. Лидский (1897). А. А. Бобринский (1902), М. Рождествснский (1902). Н. Л. Корженевский (1905), В. И. Масальский (1913). П. Е. Кузнецов (1915). И. Кастанье (1915) ж.б. Совет мезгилиндеги (XX кылым) басылмалар да көптү камтыйт экспедицияларда кездешкен мазарлар жөнүндө жазып кетишкен. Алардын ичинен Е. М. Пещерев (1924-28), Д. Н. Кашкаров (1927). Н. А. Кисляков (1914). Н. Пальгов (1939), С. Н. Замятина (1943). М. Е. Массон (1953). С. М. Абрамзон (1953), Л. Ф. Моногаров (1959), Ю. Г. Петраш (1963). Т. Д. Баялиева (1972), Б. Дуйшеев (1986), С. М. Демидов (1988). А. И. Шевякова (1990), О. В. Горшунова (2000), Т. Каландаров (2002) ж.б. Совет мезгилинде бир нече деталдуу эмгектер жарык көргөн. Алардын ичинен өзгөчөлөнүп турган Ю. В. Кнорозов (1949), атактуу Хорезм күмбөзүнө арналган, Ыйык Шамун Набинин 27 метрлик мүрзөсү талаа материалдарынын негизинде жазылган көптөгөн пайдалуу маалыматтарды камтыйт. Ошону менен бирге мифологиялык сюжеттер, ыйыктардын сүрөттөрү менен байланышкан. В. Н. Басилов (1970), мусулман олуяларынын культун изилдеген үчүн маанилүү болгон диний көз караштардын аймактык-коомчулук принциби бул диссертациянын идеяларын бири десек болот. Себеби, ыкмалар колдонулган ар кыл булактар сыяктуу эле, адатта, илимий иштин темасынын мүнөзү, маңызы жана өзгөчөлүгү, ошондой эле илимий

маселенин кыргыз жана дүйнөлүк тарыхнаамадагы изилденген деңгээли менен дагы аныкталат.

**Биринчи баптын 1.2 бөлүмүндө изилдөөнүн объектиси** бул Фергана өрөөнүнүн Кыргызстандын түштүгүнүн калкынын негизинде байыркы мезгилден баштап ушул мезгилге чейин кыргыздардын турмуштук зыяратчылыктын ээлеген орду. Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан зыярат мазарлары, ыйык жерлер жана алар менен байланышкан ырым-жырым, жөрөлгө, үрп-адаттар каралат. Мазарлардын курамына кирген көптөгөн кылымдар бою Кыргызстандын түштүгүнүн тургундары сыйынып келген күмбөздөр, суу булактары, ыйык тоолор, таштар жана үңкүрлөр сыяктуу объектилер дагы изилденет. Аталган объектилерге этнографиялык талаа изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн Кыргызстандын түштүк аймагы тандалып алынды. Фергана өрөөнүндө жайгашкан түштүк Кыргызстандын калкынын турмушундагы “чоң зыярат” – ыйык Мекке шаарына жасалган зыярат жана жергиликтүү ыйык жер, мазарларга жасалган “кичине” зыяратчылыктын ээлеген орду изилдөөнүн объектиси болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети.** - калктын зыярат кылуучу жайлардын жайгашуусу, ыйык жерлерге зыярат кылуунун жана табынуунун келип чыгышы, совет бийлигинин ыйык жерлерге жана ал жерлерди зыярат кылгандарга кылган саясаты.

- тоо-таштарга, үңкүрлөргө болгон табынуу, суу, булактарга болгон зыярат, аялдардын ыйык жайларга кылган зыяратчылыктын өзгөчөлүктөрү.
- ислам динин салттуу зыярат кылгандарга болгон мамилеси.
- ыйык Меккеге болгон “чоң зыяратты” изилдөө элдердин турмушундагы зыярат жана зыяраттын ээлеген орду изилдөөнүн предмети болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Бул изилдөөдө тарых жана этнологиялык илимдеринде кеңири колдонулган тарыхыйлуулук методологиясы пайдаланды. Изилдөөнүн ыкмасы талаадагы изилдөөлөр материалды жыйноонун салттуу жана эффективдүү ыкмаларынын бири катары айрым кыргыздардын, негизинен орто жаштагы жана улгайган аялдардын же эркектердин руханий, дүйнө таанымында жана ырым-жырым маданиятында салттуу ишенимдердин, культтун элементтери сакталып калгандыгын көрсөтөт. **Илимдин методология жаатында эмгектенген адистердин пикиринде, үч деңгээлдеги же баскычтагы ыкмалардын жыйындысы бар:**

- биринчиси, универсалдык мүнөзгө ээ болгон ыкмалар, буга философиялык өңүттөгү ыкмалар кирет. Демек, ал бардык илимдердин багытын, тармагын тейлейт, же илимпоздорго маселени объективдүү жана илимий негизде чечүүгө жардамга келет.

- экинчи баскычтагы ыкмаларга жалпы илимдердин (общенаучные методы) ыкмалары кирет. Бул баскычтагы, деңгээлдеги ыкмалар коомдук, гуманитардык илимдин тармактарын тейлейт. Ушул эле баскычтагы ыкмалар табигый илимдердин илимпоздоруна абдан зарыл курал болуп берет.

- үчүнчү баскычтагы, децгээлдеги ыкмаларга жеке илимдердин энчисиндеги ыкмалар кирет.

Диссертациялык ишти жазууда бир катар универсалдуу жалпы илимий жана тарых илимине таандык ыкмалар менен катар этнографиялык изилдөө усулдарды колдонулду. Илимий ыкмаларды тандоо жана колдонуу диссертациялык иштин өзөгүн түзгөн эмпирикалык маалыматтарды тарыхый-этнографиялык изилдөө учурунда жыйноого жараша болду.

Этнографиялык талаа материалдарын жыйноо негизинен стационардык ыкманы колдонуу менен жүргүзүлдү, бул изилдөөчүгө белгилүү бир жерде салыштырмалуу бир кыйла убакыт болгон мезгилде зыярат, ыйык жер, мазарлардын жана аларга байланышкан ырым-жырымдарды, жөрөлгөлөрдү, каада-салттарды деталдуу, терең изилдөөгө жардам берди. Изилдөө үчүн тандалып алынган стационардык жерлерде узак мөөнөттүү болуу респонденттерден терендетилген сапаттуу интервьюларды (сурамжылоо) алуу иши менен эле чектелбейт. Этнография илиминде ***катышып байкоочу ыкма*** аталышы менен белгилүү болгон бул негизги салттуу ыкма талаа материалдарын топтоодо жана аларды талдоодо артыкчылыктуу, абдан натыйжалуу ыкмалардын бири болуп калды. Ата мекендик жана чет өлкөлүк көпчүлүк адис-илимпоздордун, алардын катарында дин таануу менен культурологиянын теоретиктеринин, ошондой эле илимий иштери архаикалык ишенимдер жана культтар темасына түздөн-түз тиешеси бар адистердин теориялык жоболору, гипотезалары, көз караштары аталган диссертациялык иште чагылдырылды.

**Изилдөөнүн негизги булактары**. Кыргыздардын философиялык-диний көз караштарын чагылдырган маалыматтар булактык базаны түздү. Талаа материалдарынын басымдуу бөлүгү Ош, Баткен, Жалал-Абад облустарынын аймактарынан иргелип жыйналды. Талаа шартындагы изилдөөлөрдө маалыматты алуунун түрдүү усулдарын пайдалануу менен жүргүзүлдү: этнографиялык сурамжылоо, терендетилген маек куруу, катышуу менен байкоо жүргүзүү, сүрөткө тартуу ж.б. Станционардык изилдөө объектилери катары Сулайман-Тоо (Ош шаары), Дул-Дул-Ат, Чил-Устун үңкүрлөрү (Араван району), Абшыр-Сай ( Ноокат району), Сафид Булан, Шах-Фазыл (Ала-Бука району) мазарлары, Котур-Булак (Араван району), Мазар-Булак (Өзгөн району), Азирети-Аюп (Жалал-Абад шаары) булактары кирет.

Маалымат жыйноо учурунда бир кыйла сандагы информаторлордон сурамжыланган автордун этнографиялык талаа материалдары пайдаланылды. Алардын жаштык, жыныстык, социалдык абалдары да эске алынды. Маалымат берүүчүлөрдүн негизги бөлүгүн аялдар, айрыкча салт катары байыркы ишенимдер менен салт-санааларды, ырым-жырымдарды, жөрөлгөлөрдү сактап, урунуп (ишке ашырып) келе жаткан жашы улуу атуулдар, мазарлардын шайыктары ж.б. соңиалдык топторго тиешелүү респонденттер түздү. Респонденттердин жаштык, жыныстык, социалдык абалдары да эске алынды. Маалымат берүүчүлөрдүн негизги бөлүгүн аялдар,

айрыкча салт катары байыркы ишенимдер менен салт-санааларды, ырым-жырымдарды, жөрөлгөлөрдү сактап келе жаткан жашы улуу атуулдар; диниятчыл жана табыптык ишмердүүлүк жүргүзгөндөр, көзү ачыктар, бүбүлөр (бакшы аялдар), мазарлардын шайыктары ж.б. түздү.

Илимий изилдөө процессинде зыяратчылар жашаган калктуу айылдарды, ыйык жерлерди жана мазарларды кыдырып, экспертизадан өткөрүү ишинде кеңири камтуу максатын көздөп, маршруттук айланма жолду пайдаландык. Маршрутубузда белгиленген мындай айылдарда же эл жашаган пункттарда салыштырмалуу аз убакыт болуп, керектүү маалыматтарды алуу үчүн зыяратчылар жана башка айыл тургундары менен байланыш түзүүгө аракет жасалды. Бул ыкма стационардык ыкмага салыштырмалуу изилдөөнү тереңирээк жүргүзүүдө принципиалдуу пайдасы азыраак, бирок ал ыйык жер, мазарлардын кеңири географиялык мейкиндигин жана тиешелүү социалдык чөйрөнү камтууга жардам берери аныкталды. Мындай маршруттук ыкманы колдонуу изилдөөчүгө убакытты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт, ошол себептен мурда стаңионардык ыкма менен жыйналган талаа материалдарын текшерип, талдап чыккандан соң алгачкы бир жыйынтыктарды жасоого шарттар түзүлдү.Жыйынтыктап айтканда, диссертациялык изилдөөдө тандалып алынган жана колдонулган ыкмалар бизге мүмкүн болушунча ар кандай курактагы, жыныстагы, социалдык абалдагы, кесиптеги адамдарды сурамжылоо жүргүзүүгө тартууда жардам берди. Ыйык сыйынуу жайлар - бул изилденүүчү аймакта кандай диний системалар үстөмдүк кылганын, ал кандайча отурукташканын, белгилүү бир тарыхый мезгилде диний-экологиялык аң-сезимдин кандай түрү үстөмдүк кылганын баалоого мүмкүндүк берүүчү жаңы, мурда талап кылынбаган маалымат булагы болуп эсептелет.

**Биринчи баптын 1.3. бөлүмүндө** Кыргыздардын диний ишенимдери, каада-салт, үрп адаттары жана жөрөлгөлөрү чыгыш авторлорунун назарларында болуп келген. Байыркы жана орто кылымдардагы кытай тилдүү жазма жыл баяндарында эзелки көчмөндөр, анын ичинен хуннулар (сюнну), дунху (сяньби), кыргыздар ж.б. уруулар, элдер тууралу маалыматтар чагылдырыла баштаган. Ириде, Борбордук Азияда күч-кубаттуу мамлекетти түптөй алышкан хуннулар (сюнну) тууралу маалыматтар, алардын ишенимдери жөнүндө көбүрөк тарыхый кабарлар эскериле баштаган. Кыргыздардын илимге чейинки көз караштарын, дүйнө таанымын изилдеген биолог А. Байбосунов алардын айды ыйык санашаарын белгилеген. Жогорудагы байыркы мезгилдерде жаралган жазма булактардан келтирилген маалыматтардын үзүндү шилтемелеринде ыйык жер, мазарлар, зыярат түшүнүктөрү, терминдери жолукпаганы менен мааниси жагынан алганда, логикалуу ой жүгүртүүнүн негизинде сөз Көк Теңир (асман), жер, суу ж.б. жаратылыштын зат, кубулуштары, ошондой эле аларга арнап курмандык чалуу сыяктуу жөрөлгөлөрдү жасоонун биз изилдеп жаткан темага түздөн-түз тиешеси бар.

**Биринчи баптыны 1.4. бөлүмүндө** Кыргызстан Россия империясынын курамына кирген колониалдык мезгилде Борбордук Азиянын элин, тарыхын, маданиятын, жаратылышын изилдөө үчүн илимий интеллигенциянын өкүлдөрү келишкен. Алардын катарында белгилүү саякатчы П.П. Семенов Тянь-Шаньский дагы болгон. Ал 1858-ж. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы жылуу суусу бар Алма-Арашан мазарына келип, ал жердин ээси Ак Тайлак деп жазат. Булактын тегерегине дарактар тигилип, арасында алма бактары да кездешет. Дарактын бутактарында ар түстүү кездемелердин айрындылары байланганын белгилейт.

Чет өлкөлүк тарыхнааманын мисалдарына токтолсок, 1877-ж. Франциянын илимий экспедициясын баштап келген этнолог Е. Де Южфалви де Мезо-Ковесд атактуу Сулайман-Тоо жана ал жерде жайгашкан сыйынуу жайлары тууралуу кеңири маалымат берген. Ошол эле мезгилде аталган экспедициянын мүчөсү сүрөтчү М.Мюллердин изилдөөгө бир топ кыйынчылык туудурган бийик тоодо жайгашкан азыркы Араван районундагы Чил-Устун үңкүрүнө барып көрүп, изилдеп баалуу маалыматын берген. Россиянын казак-орус аскерлеринин офицери Н.А.Наследов 1881-ж. Аравандагы Дулдул-Ата мазарын жана ал жердеги аскаларга тартылган аргымак аттардын сүрөттөрүнө көңүлүн бурган. Мындан көп узабай эле кытай жазма булактарында айтылып кеткен Давань мамлекетиндеги ат багып өстүрүүнүн жогорку децгээли жөнүндөгү маалыматка катыштыгы бар бул ыйык жерди көптөгөн окумуштуулар терецирээк изилдей башташкан.

В. В. Радлов белгилегендей, кыргыздар ислам негиздерин начар билгендиктен жана башка динге ишенгендерге берилүү менен мамиле кылгандыктан исламды кеч кабыл алышкан. Ислам ошол эле учурда шаманизмдин жок кылынышына чоң таасирин тийгизген, оозеки булактарына таянып, дүйнөнүн көп катмарлуулугуна негизделген шаманизмдин дүйнө таанымынын жалпы картинасын кайра түзүүгө аракет кылган.

**Биринчи баптын 1.5 бөлүмүндө** Совет мезгилиндеги Кыргызстандагы мазарлар жөнүндөгү эң алгачкы маалыматты 1924-ж. Э. К. Беттер берген. Орус географиялык коомунун Түркстан бөлүмүнүн басылмасында ал Клыч-Бурхан-эд-дин-Өзгөни жөнүндөгү уламыштын вариантын келтирген. Зоолог Д. Н. Кашкаров 1927-ж. Орто Азия музейинин Түндүк-Чыгыш Ферганада жайгашкан Сары-Челек көлүнүн аймагына жасаган экспедициясынын материалдарында көлдүн пайда болушу жөнүндөгү уламышты жарыялаган. Көлдөн агып чыккан дарыянын жанында жайгашкан мазар олуя Тоскоол-Атанын аты менен байланыштуу. Малчылар жайлоого малын айдаар алдында жана ал жактан кайтып келгенден кийин мазардын жанында келип сыйынып, куран окушкан, бул ырымдар түн ичинде шам чырактын жарыгы астында окулган.

Бул багытты илимий жактан өнүктүрүү биздин доордо өзгөчө актуалдуу. Совет бийлигинин жылдарында калыптанып калган идеологиялык негиздер менен концепциялардын катаал кишенинен бошонуп, бүгүнкү күндө биз

ыйык жерлерге байланышкан маселелерди түшүнүү жана объективдүү талкуулоо зарылдыгын уламдан-улам сезип жатабыз.

**Биринчи баптыны 1.6 бөлүмүндө** Ыйык жерлерге зыяратчылык жана ага байланган ырым-жырымдар постсоветтик мезгилинде да уланып келет. О. В. Горшунованын 1989-1993-жылдардагы Борбордук Азиядагы экспедициялык иштеринде чогулткан талаа материалдарына негизделип жазылган эмгектери аялдардын зыяратынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн эң сонун мисалы болуп саналат. В. Л. Огудин өзүнүн изилдөөлөрүн жалпысынан ыйык жерлерди жана өзгөчө ыйык тоолорду, үңкүрлөрдү изилдөөнүн теориялык проблемаларына арнаган.

Т. С. Саксановдун социологиялык эмгегин өзүнчө белгилеп кетүү керек. Анда автор зыярат жасоочулардын калың массаларынын түзүлүшү ийне-жибине чейин изилдеген; ал бөлүп көрсөткөн ар бир бөлүмдүн мотиви, ошондой эле ажылык салттын мусулман калкынын арасында кайра жаралуу себептери жана жолдорун да изилдеген. Ушул жагдайдан улам С. М. Абрамзондун, В. Н. Басиловдун, Ф. А. Фиельструптун, Т. Ж. Баялиеванын С. Н. Абашин жана башка авторлордун фундаменталдык изилдөөлөрү биздин илимий эмгекти жаратууда жазуу булактары катары каралышы мүмкүн, алардын артыкчылык, өзгөчөлүктөрү, илимий, практикалык, саясий, тарбиялык ж.б. маанилери жогорудагы тарыхнаамалык баяндамада кеңири каралган. Анткени, ыйык жерлер, мазарлар куугунтукка кабылган ислам дининин элдин аң-сезиминен, жашоосунан таптакыр жоголуп кетүүсүнөн сактап калган. Демек, элдин бардыгы эле текши советтик идеологияны кабыл алышкан эмес кандайдыр бир деңгээлде ислам диний ишенимдердин же болбосо исламга чейинки каада-салттардын таасиринде болушкан деген жыйынтык жасоого болот.

**“Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайлардын классификациясы. Зыярат каада-салттары жана жөрөлгөлөрү”** деген аталыштагы экинчи баптын **2.1. бөлүгүндө** Борбордук Азиянын географиялык мейкиндигинин ажырагыс бөлүгү болгон ыйык жерлер, мазарлар өзүнүн сырткы көрүнүшү жана жасалгалары менен курчап турган айлана-чөйрөгө түрдө кошулуп жуурулушуп турат. Тоолуу аймактарда жайгашкан мазарлар географиялык көз караштан алганда көбүнчө ден соолукка шыпаа болуучу булактар, шаркыратмалар, көлдөр, тоо чокулары, үңкүрлөр жана ашуулары менен тыгыз байланышкан. Зыярат кылуучу жайларынын ар түрдүүлүгү негизинен Борбордук Азиядагы мазарлардын ыйыктыгы өлгөн ата-бабалардын арбагын аздектөө менен тыгыз байланышта болгон. Этнографиялык адабиятта мындай ыйык жер комплекстеринин түзүлүшүн компоненттерге бөлүшкөн. Бул классификациянын негизинде жерлердин аткарган негизги кызматтары жатат. Ошондой эле арабист окумуштуу А. К. Муминов, этнограф О. В. Горшуновалардын мазарлардын классификациясы боюнча маалыматтары камтылган. Ыйык жерлердин сырткы көрүнүштөрүн сүрөттөп жатып, аларды жакшыртууда оң көрүнүштөр байкалганын, бирок бул иште заманбап атайын коздоп, курулуш

каражаттары пайдаланылып жаткандыгын жана мындай иштерге болгон зыяратчылардын пикири эки ача же карама-каршы тыянактар бардыгын, б.а. зыяраттын ыйыктыгы менен туристтик талаптарынын ортосундагы тең салмактуулукту сактоонун зарылдыгы керек экендигин белгилеген.

**Экинчи баптын 2.2. бөлүмүндөгү** Элдик ислам ишениминде ыйык жерлерди – мазарларды аздектөө Борбордук Азия мусулмандарынын диний жашоосунун мүнөздүү көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат. Бирок зыярат онүгүп жайыла баштаганда эле исламдын көптөгөн белгилүү инсандарынын мүрзөлөрү системалуу түрдө кайталанып, көбөйүп зыяратчылардын башын айлантып, зыярат институтуна болгон ишенимди кетирип жатканы байкалган. Зыярат кылуу жайлары археологиялык, архитектуралык, адабий жана фольклордук эстеликтер менен бирге диний культтардын тарыхы боюнча маалымат булагы боло алат. Изилдөөнүн натыйжалары илимий билимдерди окутуу жана жайылтуу практикасында колдонулушу мүмкүн. Изилдөө материалдары ошондой эле жаратылышты коргоо уюмдарын кызыктырган табигый сыйынуучу жайлардын салттуу корголуучу аймактары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**Экинчи баптын 2.3. бөлүмүндөгү** Кыргызстандын мазарларына бүтүндөй көз караашта болуу үчүн жергиликтүү зыяратка мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири болгон шейхтиктин коомдук институту жөнүндө да бир нече сөз айтуу керек. Шейхтер – ыйык жайларды кайтаруучулар, сыйынуучу жайларды коргоо жана башкаруучулар Борбордук Азия коомунун эң байыркы диний адистеринин катмарынын бири. Салт боюнча пайгамбардын урпактары, тукумдары жана башка мусулман олуяларынын урпактары шурафа, саид, шейх болушкан, анткени алардын рухий күчүнүн бир бөлүгү тараган деп эсептелген.

Ал эми бүгүнкү күнгө чейин мусулман кыргыздар бири-бирине дал келбеген нерселерди укмуштуудай бириктирип келет. Кыргыздар ыйык жерлерди «мазар» деп аташат. Бул сөзсүз эле бирөөнүн мүрзөсү же мүрзөсү эмес: мазар деген сөз араб тилинен алынган, адегенде «зыярат кылынуучу жер» дегенди билдирет. Зыяраттын объектиси мусулман олуясынын мүрзөсү же адамдардын аң-сезиминде ыйык мүнөзгө ээ болгон өзгөчө бийлик жери болушу мүмкүн; кимге ар кандай айыгуулар жана кереметтүү түрдө каалоолор жана өтүнүчтөр аткарылат деп ишенип келишет.

**Экинчи баптын 2.4. бөлүгүндө** Мазарларга зыяратка баруу, эреже катары, элдин жана коомдун жашоосундагы орчундуу окуяларга байланыштуу болгондуктан, адамдар ага алдын ала кам көрүп даярданышкан. Зыяратчылар мазарга барардан үч күн мурун ар кандай: алкоголдук ичимдиктерди ичүү же баңги-заттарды колдонуу, жыныстык катнашта болуу, уруш-талаштардан жана чыр-чатактардан алыс болуу сыяктуу чектөөлөрдү сактай башташат.

Зыяратка бараар күнү мусулман адамдар алгач намаз (дуба) окуп, сөзсүз түрдө даарат алышы зарыл. Бул диний норманы бузбоо жана сактоо үчүн көптөгөн мазарлардын кире беришиндеги жерге идиштерге суу куюлуп,

келген адамдардын тазалыгына тиешелүү ырым-жырымдарды жасай ала турган атайын күркөлөр орнотулган.

Мазарларга шакирттери, кардарлары менен бирге же жеке зыярат кылган кесипкөй зыяратчылар ыйык жерлерде арбактар менен түздөн-түз байланыш түзүүгө багытталган атайын ырымдарды жасап, дарылап, жомок, дастан, уламыш, баяндарды айтышып же келечекти да алдын ала айтышып чоң үмүт кылышкан.

**"Зыярат феномени жана ислам дини. Зыярат институтунун коомдогу орду жана функционалдык жүгү» деген аталыштагы үчүнчү баптын 3.1. бөлүгүндө** Совет бийлиги орногондон кийинки алгачкы күндөрүнөн тартып эле коммунисттик партиянын динге карата программалык талаптары турмушка ашырыла баштады. Бул максатта, багытта же өлкөдөгү диний саясатты аныктаган бир катар олуттуу тарыхый документтер кабыл алынган. Жогоруда келтирилген, Совет бийлигинин жүргүзгөн диний саясатынын башатын жана кабыл алынган документтердин тарыхый маанисин эки жактуу кароого жана баалоого болот. Оң мааниде айтканда калктарынын алдыга умтулуп, билим, илим, маданиятты өнүктүрүүсү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

**Үчүнчү баптын 3.2. бөлүгүндө** Хакас этнографы В. Я. Бутанаев фольклордогу эң алгачкы сюжет катары алгачкы (түпкү) мифологиялык бабалардын үңкүрдө төрөлүшүнө токтолот. Белгилүү болгондой түпкү бабанын атасы да, энеси да болгон эмес, ал өзү ошол жердин кыртышында туулган, так айтканда мифологиялык ата-баба ошол жердин эң байыркы жашоочусу, алардын калыптануусу дал ушул аймакта өткөндүгүн белгилейт. Кыргыздардын урпактары болгон хакас урууларынын көпчүлүгүнүн түпкү бабалары үңкүрдө төрөлгөндүгү уламыштарда чагылдырылган.

Сейрек кездешүүчү эки тарыхый, маданий, улуттук ж.б. мааниси зор – Дул-Дул-Ат сүрөтү жана Чил-Устун үңкүрү бар аймакты геологиялык эле корук эмес, тарыхый-маданий дагы корук деген макам берүүгө толук арзып татыйт. Фергана өрөөнүндөгү ыйык жерлерди, анын ичинде үңкүрлөрдү изилдеген белгилүү окумуштуу В. Л. Огудин башка үңкүрлөрдөн бөлүп Чил-Устун үңкүрүн өзгөчө жогору баалаган жана ага атайын көлөмдүү, мазмундуу илимий макаласын арнаган. Ал макаласында Чил-Устун үңкүрүн атактуу жана абдан ажайып, кооз деп атап баасын берген. Чил-Устун үңкүрү качан белгилүү болгонун айтуу кыйын, болжол менен XI кылымдан бери белгилүү деген пикир бар. Биз ал жерге изилдеп барганыбызда бир нерсени байкадык, жергиликтүү эл сыр сактап, келген, көрүнгөн эле адамдарга жол көрсөтүп, кеңеш берип, үңкүргө кирүүгө жардам бере бербейт экен. Бул болсо ыйык үңкүрдү келечек муундарга элибиздин руханий маданиятынын эстелиги, байлыгы катары сактоого өбөлгө болот деп ишенебиз.

**Үчүнчү баптын 3.3 бөлүгүндө** Бул бөлүмдө Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган калктын ал жакта жайгашкан ыйык жерлерге, өзгөчө суу булактарына зыярат жасоосу адам баласынын жашоосун суусуз элестетүү эч мүмкүн эмес. Суунун канчалык деңгээлде баалуу, өтө зарыл нерсе, зат

экендиги кыргыз жергесинде катталган ыйык жер, мазарлардын дээрлик басымдуу көпчүлүгүнүн түрү – булак, суу, көлдөр менен байланыштуулугун да баса белгилеп өзгөчө салмактуу далил катары баяндаган. Пикирибизде касиеттүү, дартка дабаа Хазрет-Аюб пайгамбардын мазары, ал жердеги Эм-булак жана Катар-булак (азыркы Жалал-Абад курорту турган жер), Абшыр-Сай, Котур-булак ж.б.у.с. булактарды, минералдык жылуу сууларды атап кетүү жетиштүү.Абшыр-Сай шаркыратмасы байыркы замандан бери бул жер миңдеген динчилдердин зыярат кылуучу жайы болуп келген.

Убакыттын өтүшү менен сууга зыярат кылуу менен байланышкан ырым-жырымдар өзгөргөн. Бирок суу менен болгон мамилеси тазалыктын символу жашоонун булагы катары элдин арасында сакталып келет. Суу материалдык дүйнөнүн эң маанилүү компоненттеринин бири экендигин тастыктаган.

**Үчүнчү баптын 3.4. бөлүгүндө** Кыргызстандын аймагындагы бир эле тоодо бир нече ыйык деп эсептелген үңкүрлөрү жана башка сыйынып зыярат кылуучу жайлары бар Сулайман-Тоону баса белгилеп кетүүгө болот. Сулайман-Тоону ар кайсы мезгилдерде изилдеп, чоң салым кошкон окумуштуулардын бири атактуу чыгыш таануучу академик В. В. Бартольд болгон. Ошондой эле, А. Н. Бернштам Сулайман-Тоонун чыгыш чокусунда жайгашкан мечиттин да талаа изилдөөсүн жүргүзүп, анын чиймесин, планын, өлчөөсүнүн жыйынтыгын китебинде жазып калтырган.

Дул-Дул-Ат ыйык жер комплекси – *күмбөз*, *чилдекана* жана *булактан* турат. Комплекстин кире беришинде дарбазалуу арка бар. Ага кирип, бетондолгон жол менен алдыга барганда, сол тарабында мечит жана чакан көрүстөн, оң тарабында бак-дарактар, гүлдөр, күмбөз көрүнөт. Совет доорунда ыйык жерлерге сыйынууга тыюу салынгандыктан, бул жерде көмүлгөн адамдын аты унутулуп калган. Аз убакыт мурун, постсоветтик доордо мүрзө кирпичтен жасалган күмбөз менен жабылган.

**Үчүнчү баптын 3.5 бөлүгүндө** Аялдардын адамзаттын тарыхында кандай роль ойногондугу, алардын турмуштагы орду ар бир элдин билим деңгээлине, этикалык-нравалык баалуулуктарына жараша бааланып, өзүнүн татыктуу баасын алып келет. Дүйнөлүк тарых барактарынан адамзаттын басып өткөн жолуна кылчайып карап, сый-урматка ээ болушканын байкоого болот. Ыйык Умай эненин образы көп кырлуу жана татаал. Умай-Эне, биринчи кезектеэне, өмүрулаган, жараткан зат. Ошондой эле башкы кудай – Теңирдин жубайы, каган, бек, башкаруучулардын пири, колдоочусу. Жаш кыз-келиндердин, балдардын дагы коргоочусу. Адамдарды, өлүмдөн арачалап, оруу-сыркоодон арылтып айыктыруучу мээрбан эне. Ошону менен бирге Умай-Эне зарыл, керек учурларда күнөөлүүлөрдү жазалап коюуга да кудурети жеткен абсолюттук күч. Дагы бир биз байкаган нерсе ыйык жер, мазарларга зыярат кылгандардын дээрлик басымдуу көпчүлүк бөлүгүн кыз-келин, аялдар түзгөндүгү анык.

**Үчүнчү баптын 3.6. бөлүгүндө** Дүйнөлүк диндер, анын ичинде ислам аркылуу руханий ааламдашуунун арааны катуу жүрүп жатканда, диндердин

салттуу формаларынын жашоо укугун коргогон теңирчиликтин философиялык багытынын Кыргызстандагы өнүгүшү, алардын диний уюм катары каттоодон өтүүгө жасаган аракеттери, коомдо дайым маселе көтөрүшү жана аларды таасирлүү интеллигенциянын өүлдөрүнүн колдошу дагы биз изилдеп жаткан маселеге өзгөчө актуалдуулукту кошту десек болот.

Бүгүнкү күндө динге ишенген жарандардын аң-сезиминде пайда болуп жаткан бул конфликт дагы эле чечиле элек, ушуга байланыштуу бул бөлүмдө зыярат феноменинин жактоочуларынын да, ага каршы чыккандардын да позицияларын карап чыгуу, зыярат диний феноменине каршы күрөш кандайча жүргөнүн, ошондой эле зыярат феноменинин негизги этаптарына байкоо жүргүзүүнүн зарылчылыгы бар экендигин белгилеген.

**Үчүнчү баптын 3.7. бөлүгүндө** Ислам дини пайда болуп калыптанган, анын алтын бешиги - ыйык Мекка шаарына ажылыкка барып зыярат кылуу ар бир мусулмандын аруу тилеги, учкул кыялы десек жаңылышпайбыз. Ислам дининин беш "түркүгүнүн" (рукн) бири болгон ажылыкка баруу, аны аткарууга кудурети жеткен мусулмандар үчүн (өмүрүндө жок дегенде бир жолу барып келүү) парз болуп саналат.

Мунун натыйжасында зыяратчылар абдан көбөйгөн. Келген адамдар максаттарын айтып, тилек тилешип кудайга жалынып, ырым, жөрөлгөлөрдү жасашат. Ыйык жерлерге жана мазарларга эркек кишилерге караганда аял кишилердин зыярат кылуусу көп учурайт. Аял затты үй–бүлөөсүн жамандыктан сактоо максатында жана үй-бүлөө мүчөлорүнүн амандыгын тилөө максаттында зыяратка көп барат.

## КОРУТУНДУ

Кыргызстандын түштүк аймагында зыярат жасоо институтунун абалын, ишмердүүлүгүн, алардын өлкөнүн руханий турмушундагы орду сыяктуу орчундуу маселелерди талдоо, байыркы мезгилдерде эле пайда болсо дагы, зыярат феноменинин кыргыз коомчулугунун турмушунда дагы эле болсо зор роль ойноорун ырастоого бизге мүмкүнчүлүк берди. Кыргыздардын салттуу билимдеринин системасы негизинен мазарларды, ыйык жерлерди урматтоо, сыйлоо менен байланышкан жана этникалык жактан өзүн-өзү билип таануунун идеологиялык чынжырчасында өзүнүн татыктуу ордун ээлейт. Ыйык жерлер институтунун этникалык жактан бириктирүүчү көмүскө жаткан потенциалы мамлекеттик органдарга калк арасында мекенчилдик сезимди тарбиялоо ишинде зыярат кубулушунун концептуалдык жана уюштуруу түзүмүн колдонууга, пайдаланууга мүмкүнчүлүк берип жатканы жөн жеринен эмес.

Демек, бул жагдайдан биз көп жылдык коммунисттик атеисттик катуу куугунтуктан кийин мазар, ыйык жерлер культу жергиликтүү динге ишенгендердин аң-сезиминен таптакыр жок болуп кетпегендигин, ошондой эле Кыргызстандын улуттук идеологиясынын негизги бир бөлүгү болгондугун да аңдап билүүгө болот. Ыйык жерлердин жаңыларынын пайда болушу, ошондой эле эскилеринин кайрадан калыбына келтирилиши азыркы

Кыргызстандагы бул диний институттун чыныгы таризде өсүп-өнүгүп жатканы жөнүндө айтууга негиз болот.

Мындан тышкары, ыйык жерлерге сыйынуу системасынын жанданышынын жана гүлдөп-өнүгүшүнүн себеби жергиликтүү элдин руханий, экономикалык, билим берүү, ден соолук жана ич ара байланышуу муктаждыктарын канааттандырууну үзбөй улантып келе жаткан мазарлардын өзгөчө функционалдык маанисинде десек жаңылыштык болбойт. Ошол эле учурда зыярат институту азыркы кыргыз коомчулугунда өз ордун издөөдө салттуу практикалардын жыйындысын колдонуу жана кызмат көрсөтүү менен эле чектелбестен, анын формаларын жана көрүнүштөрүн жаңылоо жолуна чечкиндүү түрдө киришкенин белгилей кетүү керек.

Бул ишенимди бекемдеген Кыргызстандын бардык аймактарын каптап, орун алган ыйык жер, мазарлардын этнотуризмдин баалуу, таасирлүү элементи. Биз көптөгөн чет өлкөлүк туристтер жергебиздеги ыйык жер, мазарларды байма-бай каттаганын, социалдык түйүндөр, интернет аркылуу өзүлөрүнүн алган таасирлерин, фото-сүрөттөрүн, видео-тасмалар ыйык жерлер мазарлардын сакталышына өзүнүн оң таасирлерин тийгизет. изилдөөбүздүн жыйынтыгын төмөнкү илимий-практикалык мүнөздөгү жыйынтыкка келдим: Кыргыз элинин руханий жана заттык маданиятынын орчундуу бөлүгү болуп эсептелген зыярат кылуу процесси, жөрөлгө, ырым-жырымдар жана ага байланышкан ыйык жер, мазарлардын тарыхы, баяны, абалы жана келечеги терендетилген, комплекстүү заманбап илимий изилдөөлөрдү талап кылат.Ыйык жерлер, мазарлардын көп кырлуу аткарган кызматын, коомдогу ээлеген орду менен жүгүн эске алганда азыркы ааламдашуу жана исламдашуу процесстеринин арааны катуу жүрүп турганда да жоюулуп, жоголуп кетпейт деген ишеним бар. Бирок, мындай болбошу үчүн аларга көңүл болуп, көргоп, өнүктүрүү аракеттерин көрүшүбүз керек. **Корутундуда диссертациядагы иликтенген маселелерге тыянактар сунушталды:**

**1**.Байыркы мезгилден бери ыйык жерлер Фергана облусунун калкынын жашоосунун, дүйнө таанымынын маанилүү бөлүгү болуп келген. Мазарлар – көптөгөн социалдык-маданий функцияларды аткарган, аймактын топографиясын, аймактын менталдык жана диний картасын түзгөн татаал кубулуш. Мазарлар көбүнчө байыркы сыйынуу жайлары болуп саналат жана адатта тигил же бул аймактын экономикасынын негизги борборлорунда жайгашкан. Алар суу булактары жана ирригациялык системалар, соода жолдорунун кесилиши, тоо ашуулары, миграция жолдору ж.б. Мазарлар негизинен байыркы доорлордон келип чыккан, алардын культу исламга чейинки доорлорго таандык. Убакыттын өтүшү менен алар ар кандай таасирлерге жана ар кандай идеяларга ээ болгон. Ислам бийлигинин доорунда ыйык жерлер жергиликтүү калктын көз алдында мусулмандык мүнөзгө ээ болгон.

**2**.Мазарларга сыйынуу алардын зыяратына байланыштуу өзгөчө ырым-жырымдын өнүгүшүнө алып келген. Бул ырым-жырым практикасын изилдөө

этнографиялык чоң кызыгууну туудурат, анткени ал Фергана өрөөнүнүн калкынын руханий идеяларынын генезисин, тарыхтын ар кандай этаптарында анын диний артыкчылыктарын ачып берет. VIII-кылымда Ферганада бекем орногон ислам дини элдин аң-сезиминен жана практикасынан мурунку ишенимдердин элементтерин сүрүп чыгара алган эмес. Бир аз өзгөртүлгөн формада акыркысы үй-бүлөлүк жана тиричилик ырым-жырымдары чөйрөсүндө сакталып калган. Бул калдыктар аялдардын ыйык жерлерге зыярат кылуу ырым-жырымдарында эң бекем сакталган. Аялдардын ыйык жерлерге сыйынууга байланышкан ырым-жырымдары алгачкы доордо жылкылардын кетип калуу кубулуштарына бай. Аялдардын ыйык жерлерге зыярат кылуудагы ырым-жырымдарынын комплексин талдоонун негизинде тарыхтын мурунку этаптарында культ чөйрөсүндө аялдар чоң роль ойногон деп болжолдоого болот.

**3**.Мазарларда чагылдырылган олуяларга сыйынуу Орто Азия исламынын эң мүнөздүү белгиси болуп калды. Башка изилдөөчүлөр (О. Муродов, О. А. Сухарева) тарабынан туура белгиленип, ар кандай культтар менен байыркы ишенимдерди айкалыштырган элдик маданияттын көрүнүшүнүн бир түрү. Фергананын ыйык сыйынуу жайлары Борбордук Азиянын түндүк-чыгышындагы калктын диндердин тарыхы жана этногенези боюнча баалуу жана көп учурда талап кылынбаган маалымат булагы болуп саналат.

**4**.Мазарлар жөнүндөгү уламыштарды жана салттарды чогултуу жана изилдөө маркумдун инсанынын тарыхын жана жаралышын аныктоого мүмкүндүк берет, белгилүү бир аймактагы кылымдар бою диний кырдаалды байкоого, бул чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. алардын себептерин, ошондой эле динге жана элдин ишенимине байланышкан көптөгөн башка маселелерди карап чыгуу;

**5**.Мазарлар мамлекеттин жана коомчулуктун көңүл буруусуна татыктуу. Аларды коргоо, реставрациялоо жана өз максаты боюнча да, музей буюму катары да пайдалануу, аларга байланыштуу ырым-жырымдарды, ырым-жырымдарды элдик салт катары кайра жандандырып, изилдеп чыгуу зарыл. Бул адамдын руханий дүйнөсүн байытып, элдин рухун тазалоого, жаштардын улуттук руханий каада-салттарын өздөштүрүүгө багытталган тарбия иштерине көмөктөшөт.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектер:**

1. Кыргыз элинин Ислам динин кабыл алышы (макала). // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2011. – №3. – 10-13-бб. https://base.oshsu.kg/univer/temp/url/ilim/2011-3.pdf

2. Эгемен Кыргызстандагы диндин абалы (макала). // А. Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык педагогикалык институтунун жарчысы. – Ош, 2013.–№1.–265-267-бб.https://drive.google.com/drive/folders/1Lx7-DdAIeYAPQb8KxKytOiXn6JaZHyvc

3. Кыргызстандагы диний ишенимдердин абалы (макала) // XI эл аралык илимий конференциясы. Цивилизациялардын кесилишинде: тил, маданият, коомдук аспектилери.–Бишкек,2014.–С.263-265 https://drive.google.com/drive/folders/1Lx7-DdAIeYAPQb8KxKytOiXn6JaZHyvc

4. Фергана өрөөнүндө жайгашкан зыярат кылуучу жайлар (макала). // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек,2014.–№1.– С.331-333. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44765840

5. Предпосылки распространения исламской религии (статья). // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – №11. – С.99-100. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28343135

6. Религиозные верования кыргызов и влияние на них священных мест (статья). // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2016. –№11. –С.105-107. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28343137

7. История Енисейских кыргызов в исследованиях профессора В. Я. Бутанаева (статья). // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – Ош, 2018. Атайын чыгарылыш. – 231-233-бб. https://drive.google.com/drive/folders/1Lx7-DdAIeYAPQb8KxKytOiXn6JaZHyvc

8. Кыргыздардын диний ишеними жана зыярат кылуучу жайлардын таасири (макала). // А. Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык педагогикалык институтунун жарчысы. – Ош, 2021. – № 1. – 186-189-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49457333

9. Паломничество жителей южного Кыргызстана в священный город Мекку (статья). // V центрально-азиатские исторические чтения. Сборник материалов международный научно-практической конференции. – Кызыл, 2022. – С. 9-22. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48953108

10. Бала тарбиялоодо бешик ырларынын таасири (макала). // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2022. – № 2. – С. 9-12. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49399005

11. Жусуп Баласагындын ”Кут алчу билим” поэмасындагы дүйнө таанууга болгон көз караштар (макала). // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – Бишкек, 2022. – № 2. – С. 12-14. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49399006

12. Места паломничества, расположенныена юге Кыргызстана (Ноокатский район) (статья). // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2024. – № 2-1. – С. 7-11. https://www.elibrary.ru/contents.asp?titleid=61752

13. Сулайман-гора – святое место в истории и культуре Кыргызстана (статья). // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск. 2023.– № 2-1. – С. 12-15. https://www.elibrary.ru/contents.asp?titleid=61752

**Айтиева Гүлбурак Аскарбековна “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)**

**аттуу** 07.00.07 - этнография, этнология и антропология адистиги боюнча Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Калк, өрөөн, мазар, ислам, табынуу, Мекке, булак, тоо, үңкүр, ыйык жайлар, зыярат, жөрөлгөлөр.

**Изилдөөнүн объектиси:** Изилдөөнүн объектиси бул Фергана өрөөнүнүн Кыргызстандын түштүгүнүн калкынын негизинде байыркы мезгилден баштап ушул мезгилге чейин кыргыздардын турмуштук зыяратчылыктын ээлеген орду.

**Изилдөөнүн предмети** - калктын зыярат кылуучу жайлардын жайгашуусу, ыйык жерлерге зыярат кылуунун жана табынуунун келип чыгышы, совет бийлигинин ыйык жерлерге жана ал жерлерди зыярат кылгандарга кылган саясаты.

- тоо-таштарга, үңкүрлөргө болгон табынуу, суу, булактарга болгон зыярат, аялдардын ыйык жайларга кылган зыяратчылыктын өзгөчөлүктөрү.
- ислам динин салттуу зыярат кылгандарга болгон мамилеси.
- ыйык Меккеге болгон “чоң зыяратты” изилдөө элдердин турмушундагы зыярат жана зыяраттын ээлеген орду изилдөөнүн **предмети** болуп саналат.

**Иштин максаты:** Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, адамдардын аң-сезимдериндеги ыйык жайлар катары эсептелген жайлардын диний-философиялык түшүнүктөрдөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген ордун изилдөө болуп эсептелет.

**Диссертациянын методологиялык негизи** объективдүүлүк жана тарыхый принциптери, системалуу-салыштыруу, биографиялык, хронологиялык ж.б.

**Иштин илимий жаңылыгы**. Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуучу ыйык жайларга атайын илим изилдөөлөр жүргүзүлдү; тарыхый-этнографиялык, археологиялык өңүттөгү тарых-таржымалы жазылып, жаңы маалыматтар илимий айлампага киргизилди; ыйык жайларга, мазарларга табынуулардын зыярат феномени иликтенип, илимий маселелер комплекстүү планда каралды; автор тарабынан жыйналган талаа материалдарынын негизинде стационардык багытта тандалып алынган тарыхый обьектилерде комплекстүү тарыхый-этнографиялык иликтөөлөр жүргүзүлдү;

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациялык иликтөөлөрдө жыйналган материалдардын негизинде иштелип чыккан илимий иштерди, тыянак жана пикирлерди кыргыз маданияты, тарыхы жана этнографиясына байланыштуу болгон окуу китептерин жазууда, тарых, чыгыш таануу жана чөлкөм таануу адистиктеринде билим алып жатышкан студенттер, магистрлер үчүн жалпыланган окуу куралдарын, тандалма курстарды жазууда колдонсо болот.

**Айтиева Гульбурак Аскарбековна «Место и роль паломничества в жизни населения Ферганской долины (по материалам юга Кыргызстана)**

**07.00.07 – этнография, этнология и антропология**

**Диссертация написана на соискание ученой степени кандидата исторических наук.**


## РЕЗЮМЕ

**Ключевые слова:** население, долина, гробница, ислам, поклонение, Мекка, источник, гора, пещера, святые места, паломничество, обычаи и церемонии

**Объектом исследования** является место ежедневного паломничества кыргызов с древнейших времен до наших дней, исходя из населения южного Кыргызстана Ферганской долины.

**Предметом** исследования являются расположение мест паломничества, происхождение паломничества и поклонения святым местам, политика советского правительства в отношении святых мест и тех, кто посещает эти места.

- поклонение горам, камням, пещерам, паломничество к воде, источникам, особенности женского паломничества к святым местам.
- отношение ислама к традиционным паломникам.
- изучение «великого паломничества» в святую Мекку является предметом изучения паломничества и места паломничества в жизни людей.

**Цель работы**: изучить отношение населения, проживающего на юге Кыргызстана, к местам паломничества, место священных мест в сознании людей в религиозно-философских концепциях и места поклонения в повседневной жизни. жизнь.

**Методологической основой диссертации** являются объективность и исторические принципы, систематико-сравнительный, биографический, хронологический и др.

**Научная новизна работы**. Специальные научные исследования проводились на святых местах паломничества Ферганской долины; писалась историко-этнографическая, археологическая история, вводились в научный круг новые сведения; исследовано явление паломничества к святым местам и гробницам, в комплексном плане рассмотрены научные вопросы; на основе собранных автором полевых материалов проведены комплексные историко-этнографические исследования на исторических объектах, отобранных по стационарному направлению;

**Рекомендации по использованию**. Научные работы, выводы и мнения, выработанные на основе материалов, собранных в диссертационном исследовании, могут быть использованы при написании учебников по кыргызской культуре, истории и этнографии, при написании общеобразовательных учебников и курсов по выбору для студентов и магистров, изучающих историю, востоковедение и регионоведение.

**Aitieva Gulburak Askarbekovna "The place and role of pilgrimage in the life of the population of the Fergana Valley (based on materials from the south of Kyrgyzstan)**

**07.00.07 – ethnography, ethnology and anthropology The dissertation was written for the degree of candidate of historical sciences. SUMMARY**

**Keywords:** population, valley, tomb, Islam, worship, Mecca, source, mountain, cave, holy places, pilgrimage, customs and ceremonies



The object of the study is the place of daily pilgrimage of the Kyrgyz people from ancient times to the present day, based on the population of southern Kyrgyzstan in the Fergana Valley.

**The subject of the study is the location of pilgrimage sites,** the origin of pilgrimage and worship of holy places, the policy of the Soviet government regarding holy places and those who visit these places.

- worship of mountains, stones, caves, pilgrimage to water, springs, especially women's pilgrimage to holy places.

- the attitude of Islam towards traditional pilgrims.

- the study of the "great pilgrimage" to holy Mecca is the subject of the study of pilgrimage and the place of pilgrimage in people's lives.

**Purpose of the work:** to study the attitude of the population living in the south of Kyrgyzstan to places of pilgrimage, the place of sacred places in the minds of people in religious and philosophical concepts and places of worship in everyday life. LifeThe methodological basis of the dissertation is objectivity and historical principles, systematic-comparative, biographical, chronological, etc.

**Scientific novelty of the work.** Special scientific research was carried out at the holy pilgrimage sites of the Fergana Valley; historical, ethnographic, archaeological history was written, new information was introduced into the scientific circle; the phenomenon of pilgrimage to holy places and tombs was studied, scientific issues were considered in a comprehensive manner; based on field materials collected by the author, comprehensive historical and ethnographic research was carried out on historical sites selected according to the stationary direction;**Recommendations for use.** Scientific works, conclusions and opinions developed on the basis of materials collected in the dissertation research can be used when writing textbooks on Kyrgyz culture, history and ethnography, when writing general education textbooks and elective courses for students and masters studying history, oriental studies and regional studies .